**Жеке маалыматтар субъектисинин анын жеке маалыматтарын чогултууга, иштеп чыгууга жана өткөрүп берүүгө макулдугу**

Мен, _________________________ негизинде аракеттенген жеке ишкер________________________________________________, 20__ж. «____»_________, МКК______ тарабынан берилген *паспорт/идентификациялык карта AN/ID* ___________, телефон номери: ________________,

Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамынын 9-беренесине ылайык **«О!Банк» ААКка** (жеке маалыматтар массивинин кармоочусу (ээси), ИСН 01204199910016, юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, 720033, Бишкек ш., Фрунзе көч. 390, эркин, конкреттүү, шартсыз жана аң-сезимим менен төмөнкүлөргө макулдук берем:

☑ жеке маалыматтарды автоматташтырылган, ошондой эле автоматташтыруу каражаттарын колдонбой же аралаш иштеп чыгуу, тактап айтканда жеке маалыматтарды чогултуу; жазуу; системалаштыруу; топтоо; сактоо; актуалдаштыруу; алып чыгуу; колдонуу; өткөрүп берүү (көрсөтүү, жетүү); топтоштуруу; ээсиздендирүү; жаап коюу; өчүрүү; бузуу;

☑ Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамына жана эл аралык келишимдерге ылайык менин жеке маалыматтарымды үчүнчү жактарга өткөрүп берүү, анын ичинде (жеке маалыматтар массивинин (ээсинин) кармоочусунун) башка мамлекеттердин юрисдикциясындагы кармоочуларга трансчекаралык өткөрүп берүү;

☑ банк кызматтарын алуу максатында менин жеке маалыматтарымды ачык же атайын жетүү бар болгон мамлекеттик маалымат системалары жана (же) башка маалымат булактары аркылуу текшерүү;

☑ менин жеке маалыматтарымды/мен жөнүндө маалыматты каалаган мамлекеттик жана мамлекеттик эмес органдардан жана (же) каалаган башка жеткиликтүү маалымат булактарынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык алуу (өткөрүп берүү, көрсөтүү);

☑ Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган башка аракеттер.

Аларды чогултууга жана иштеп чыгууга макулдук берилип жаткан жеке маалыматтардын тизмеги: фамилиясы, аты жана атасынын аты (мурдакы фамилиясы, аты, атасынын аты, өзгөртүлгөн дата, жер жана себеп – фамилия, аты, атасынын аты өзгөртүлгөн учурда); туулган күнү; идентификациялык жеке номери (ИЖН) жана (же) идентификациялык салык номери; жынысы; үй-бүлөлүк абалы; жарандык жөнүндө маалыматтар; туулган жери; улуту (өздүгүн күбөлөндүргөн документте бар болсо); катталган жеринин дареги; иш жүзүндө жашаган жеринин дареги; өздүгүн күбөлөндүргөн документтин реквизиттери (өздүгүн күбөлөндүргөн документтин түрү, сериясы, номери, берген органдын аталышы жана бөлүмчөнүн коду, берилген датасы, колдонуу мөөнөтү аяктаган дата); өздүгүн күбөлөндүргөн документтин фотосүрөтү; жеке фотосүрөтү жана (же) жеке видеосүрөтү; өздүгүн күбөлөндүргөн документ менен жеке фотосүрөтү жана (же) жеке видеосүрөтү; сканерлердин, сактоо системаларынын, компьютерлердин, тиркемелердин, серверлердин жана башка көмөкчү түзүлүштөрдүн кеңири линейкасын камтыган атайын сканерлөөчү түзүлүштөр аркылуу алынган өздүгүн күбөлөндүргөн документтин санариптик формасы; телефон номери (абоненттик номер); электрондук почтанын дареги; салыктык резиденттик жөнүндө маалыматтар; ишке ашырып жаткан ишмердик боюнча маалыматтар (ишмердик ишке ашырылган дарек, ишмердиктин түрү, күтүлгөн каражаттардын жүгүртүлүшү, юридикалык дареги ж.б.); ЖИни каттоо жөнүндө күбөлүктүн/патенттин фотосүрөтү; ЖИни каттоо жөнүндө күбөлүктүн/патенттин реквизиттери (каттоо номери, ИУРК, документ берилген дата, биринчи каттоосунун датасы; кирешелер, чыгашалар жөнүндө, мүлк жана мүлктүк мүнөздөгү милдеттенмелер жөнүндө маалыматтар; салыктык каттоонун бар экени жөнүндө жана кыймылдуу (кыймылсыз) мүлккө карата салыктык милдеттенмелердин өлчөмү жөнүндө маалымат, мүлктүн өзү жөнүндө маалыматты кошуп; Кардарды талаптагыдай текшерүүнү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобо менен белгиленген чектерде коомдук кызмат адамы жөнүндө маалыматтар; Кардарды

талаптагыдай текшерүүнү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобо менен белгиленген чектерде бенефициардык менчик ээси жөнүндө маалыматтар.

Жеке маалыматтарды иштеп чыгуунун максаты төмөнкү:

☑ обочолонгон (алыстан) банктык тейлөө каналдарына жетүүнү берүү;

☑ мен көрсөткөн маалыматтардын чындыкка дал келүүсүн текшерүү;

☑ башка уруксат берилген булактардан жеке маалыматтарды алуу;

☑ банктык эсептерди жана банктык төлөм карталарын ачуу жана тейлөө;

☑ кардардык тажрыйбаны, «О!Банк» ААКтын тейлөө сапатын, «О!Банк» ААК банк кызматтарын берүүдө колдонгон аппараттык-программалык комплексти жакшыртуу;

☑ мени менен «О!Банк» ААКтын ортосунда түзүлгөн банктык продукттарды жана кызматтарды берүү жөнүндө келишимдерде көрсөтүлө турган башка максаттар.

Ушуну менен мен, жогоруда көрсөтүлгөн максатка (максаттарга) жетүү үчүн үчүнчү жакка менин жеке маалыматтарымды өткөрүп берүү зарыл болгон учурда, «О!Банк» ААК жогоруда аталган аракеттерди аткаруу үчүн мен жөнүндө маалыматты жана менин жеке маалыматтарымды үчүнчү жактарга жана ыйгарым укуктуу жактарга ачууга, жана ошондой эле мындай жактарга мындай маалыматты камтыган тиешелүү документтерди, көрсөтүлгөн жактар тарабынан маалыматтардын купуялуугу сакталган шартта, өткөрүп берүүгө укуктуу экенин тааныйм жана тастыктайм.

Ушуну менен менин жеке маалыматтарымды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипке ылайык үчүнчү жактарга өткөрүлүп берилүүсүнө макулдугумду берем. Менин жеке маалыматтарымды үчүнчү жактарга өткөрүп берүү фактысы жөнүндө билдирүүнүн формасы «О!Банк» ААК тарабынан өз алдынча жана анын кароосу боюнча аныкталат.

Мен төмөнкүлөр менен тааныштырылдым:

1. жеке маалыматтарды чогултууга жана иштеп чыгууга макулдук ушул макулдукка кол коюлган жана берилген датадан баштап 1 (бир) жыл ичинде күчүндө болот;
2. жеке маалыматтар субъектиси катары менин укуктарымдын тизмеги менин маалыматтарыма жетүүгө, аларды оңдоого, жок кылууга жана иштеп чыгууну токтотууга укукту камтыйт;
3. жеке маалыматтарды иштеп чыгууга макулдук эркин формадагы жазуу түрүндөгү арыздын негизинде кайтарылып алына алат.

[Кардардын мобилдик түзүлүшүнө жиберилген кодду киргизүү менен кардардын электрондук кол тамгасы менен кол коюлду]

ХЭШ |Код ОТП |ФАА | ДАТА